**ТАЙИРОВ М., КАСЫМОВ Т., МИТАЛИПОВ К.**
*Бат.МУ*

# ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН "КУТТУУ БИЛИМ" ДАСТАНЫ ЖАНА АНЫН ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ

Борбордук Азиянын чыгаан уулдарынын бири, түрк журтунун өкүлү, түрк кебинин кайталангыс чебери, адабиятчы, түрк элинин жүрүү-туруу нормаларын, каада-салт, үрп-адаттарын өз деңгээлинде жетик аңдай алган, табият таануу илимдеринин мыйзам-ченемдерин түшүнгөн, өзү жашаган заманынын интеллигенти жана мамлекеттик ишмери, Жусуп Баласагындын мин жылдык маарекесин мамлекеттик деңгээлде белгилөө, түрк тилдүү элдерибиздин бүгүнкү жашоосундагы өтө зарыл маданий жана руханий иш чара болот. Себеби, Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" чыгармасы миң жылдын ичинде түрк тилдүү элдердин маданиятынын кебелбес түркүгү болуп берди [1]. Ушул чыгарманын таасиринен руханий азык алган падышаларыбыз, эл башчыларыбыз, бийлерибиз карапайым жарандарына мүмкүн болушунча адилеттүү мамиледе болууга аракеттенишкен. Акындарыбыз, тарыхчыларыбыз түрк тилинде көптөгөн чыгармаларды жаратышты. Ошол мезгилде гүлдөп, өсүп-өнүп турган фарс тили менен атаандашканга чейин жетти. Өз мезгилинде бабабыз Жусуп Баласагындын түрк агартуусуна салган чыйыры, элибизге белгилүү, инсандардын чыгармаларынын жаралуусуна жагымдуу шарт түзүп берди. [2,3].

Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" дастанын окубаган адабиятчы, илимпоз [4], тарыхчы [5] жана мамлекеттик ишмерлер болушкан эмес десек, аша чапкандык болбосо керек. Анткени аны биз **X111-XV11** кылымдардагы мамлекеттик ишмерлердин, ошол мезгилдеги интеллигенциянын жүрүм-турумдарынан, адеп- ахлактык сапаттарынан айкын байкай алабыз.

Жусуп Баласагын дастанчы гана болбостон, ал улуу тарбиячы. Дастанда ал түрк элинин үрп-адатка айланып калган жүрүм-турум этикасынын нормаларын айтып берүү менен гана чектелбестен, анын жол-жоболоруна же болбосо пайдалануу жактарына да маани берген. Адам баласынын инсандык сапаттарына мүнөздөмө берип, кээ бирде маани бербеген жактарыбыздын сырларын ачып, таң кала тургандай деңгээлде түшүндүрүп берген.

Бул чыгарма мин жылдын ичинде канчалаган жогорку интеллектүү инсандардын катмарларын, муундарын тарбиялады. Мындан ары да бул багыт боюнча өз таасирин тийгизе тургандыгын ар тараптан далилдеп келет.

Биз сөз кылып жаткан чыгарма - 1069-жылы жазылган Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" дастаны. Ал мындан 946 жыл илгери жазылса да күнү бүгүнкүдөй зарыл жана актуалдуу. Себеби адам баласынын адеп-ахлагы алдын ала айтып болбой тургандай көөнөрбөс, дайыма көйгөйлүү, жашообузда пайда болгон мүчүлүштөрдү ар бир этностун менталитетине жараша үрп-адат, каада-салттарына ылайык чечүү зарылчылыгы бар жараян. Себеби ар бир этностун, элдин, өзүнө жарашыктуу өзгөчөлүктөрү - алардын жүзү. Өзгөчөлүктөр эске алынбаса, андай шартта мындай чыгармада көтөрүңкү рухтагы идея түптөлбөй калмак. Дастандын негизги идеясы адам баласы, инсан. Идеалыбыздагы инсан кандай болуу керек? Анын адеп-ахлагы кандай критерийлерге жооп берүүсү зарыл? Мына ушуга окшогон турмуштук чоң маселе авторду түйшөлткөн.

Өзү жашаган коомдун чыныгы жараны болоюн деген инсан, ошол коомдун күжүрмөн мүчөсүмүн, эли-жеримдин тагдырына кайдыгер мамиледе болбоймун деген бүтүмүн дастандагы көптөгөн үлгүлөрдөн көрсө болот. Жалпылап айтканда Жусуп Баласагынды тарбиячы, насаатчы, илимпоз, педагог, психолог, жана мамлекеттик ишмер катары жазган ойлору өз ресурстарын түгөтө элек. Тескерисинче чоң сыр сандык, акыл-эстин түгөнгүс казынасы, көптөгөн азыркы заман жетекчилерине, активдүү инсандарына калыстык, адилеттүүлүк, чынчылдык, чыгармачылык эргүү берүүчү - булак. Бүгүнкү

күндүн милдети ошол тунук булактан жаш муундарыбызга ооз тийгизүү, даамын сездирүү, жашоо-турмуш сулуулугуна аралаштыруу, анын маанисин аң-сезимдерине сиңирүүдө турат. Бул багытка карай канчалык тез аракеттер болсо, ошончолук жакшы.

Дастанды окуп жатып, анын түпкү негизинде төрт чындыктын жаткандыгына күбө болобуз: биринчиси, адилеттүүлүк; экинчиси, мамлекетти башкаруу; үчүнчүсү, акыл жана эс; төртүнчүсү, сабырдуулук. Булардын ар биринин өз алдынча наамдары бар. Адилеттүүлүктүн наамы Күнтууду, вазир сыпатында келген байлыктын наамы Айтолду, акыл-эс, паам-парасат болсо, Акдилмиш деп аталган. Сабырдуулук, сабыр-канаат, Өткүрмүш наамында берилген. Дастандагы болгон окуялар жогорудагы каармандардын айланасында өркүндөп-өсүп барат. Негизги өзөк болуп ошолордун суроо-жооптору. Окуялардын натыйжалары тарбиялык мааниге ээ жыйынтыктар менен аяктайт.

М: Жусуп Баласагын мындай дейт:

“ Билимди бийик бил, окуу улук,<br>
Ушул экөө улуулайт адамды толук”.

Инсандын улуулугу анын билимдүүлүгүндө, билим аркылуу ар кандай кырдаалдардан жол таап чыгып кеткенинде жатат. Инсан үчүн билим “шам чырактай”, ансыз наадан болуп, сокур сымал болуп калат деген ойду билдирет. Баарың, билимге умтул деген идеяны алга сүрөт. Дагы мындай дейт:

“Окуу пайда болсо, улуулук болот,<br>
Билим кимде болсо, бийиктик алат”.

Ушул сөзү менен “Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат” деген же “Билимдүүгө балээ жок” деген элдик макалды өнүктүрүп, билим гана өсүп-өнүгүүнү камсыздай ала тургандыгына бекем ишенген. Билимсиздиктин аягы наадандыкка алып барарын эскертет. Ал жөнүндө мындай дейт: “Билимсиз кишиде кеселдик болор, кесел эмделбесе жашабай өлөр”. Мындан тыянак чыгарсак, билим албаган коом өспөйт, өнүкпөйт. Коомубузда орун алган бардык татаал иштер билим менен гана өзүнүн логикалык чечилишин камсыздай алат. Чындыгында мындай асыл ойлорго альтернатива жокко эсе. Автор адамзаттын билимдүү болуусуна өтө чоң маани берген. Себеби билимдүү инсандар билимсиздердин-наадандардын душманы. А наадандык болсо коомду чирите турган милдет. Ошондой милдеттерге кабылып калбайлы деген коом илимди, билимди өнүктүрөт.

Билимдүүлүктүн негизги компоненттеринин бири сөз же ал сөздү тизмектеп, таасирдүү кылып берүүчү, бул-тил. Жусуп Баласагын ал жөнүндө мындай дейт: “Тилиңди абайла-сакталат башың”. Илим билимдин котормочусу, жеткирип берүүчүсү-тил. Инсан тили аркылуу гана ызат-урматка, кадыр-баркка, белгилүүлүккө жете алат. Эгерде буга маани бербестен, сөзүм бар деп эле, “Оозго келгенди оттой берсе”, тилди ой келди пайдалана берсе да болбойт, кээ бир кырдаалда оңтойсуз абалга кабылтып коюусу бышык. Автор мындай дейт:

“ Сөзүңдү тыйып жүр, башың жарылбасын,<br>
Тилиңди тыйып жүр, тишиң сынбасын”.

Маани берилип сүйлөнгөн сөз эстүүлүктүн белгиси. Маанисиз сөзгө жолобо. Мааниси менен кыска сүйлөгөнгө аракеттен. Таптакыр эле сүйлөбөй койгон да болбойт. Сүйлөгөндө “Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлөгөн” жакшы. Ал жөнүндө ойчул, даанышман Жусуп Баласагын төмөндөгүдөй дейт:

“Тилиңди абайла-амандыр башың,<br>
Сөзүңдү абайла-узарар жашың”.

Ар кандай адамдан адамдарга мурас болуп, анын таамай айткан сөзү калат. Ошондуктан айткан сөздөрүң башкалардын көзүн ачып, жол көрсөткүч болсун, пайда алып келсин. Мына ошондой сөз гана инсандын наамын түбөлүктүү калтырат, ооздон-оозго өтүп, коомдун күч-кубатына айланат, жакшы жактарга жетелейт. Сөзгө маани берип автор мындай дейт:

“Байлык калса, мурас болуп сага,

Бул сөздөрдү теңебегин ага".

Курч айтылган өткүр сөздөрдү, материалдык байлык, акча, дүр-дүйнө менен теңегенге болбойт, сөз мааниси баасыз деген ойду айтат. Айтылган сөздүн нукура маанисине билимдүү киши гана жете алат дейт. Наадан сөздүн маанисине баа бербейт, берсе да таразалай албайт, натыйжада ага айтылган сөздөрдүн жыйынтыктары сезилерлик даражада болбойт. Ал түшүнсүн үчүн аны билим дүйнөсүнө шумгутуу зарыл. Ошондой болгон соң, наадандыктын шыпаасы- билим. Андыктан Жусуп Баласагын айтат:

"Эстүү алкыш алат, наадан сөгүш,

Ойлоп көрчү, сага жакканы, кайсыл" ?

"Акыл-эсиң бар экен, билимден үлүш алып кал" деген ойду аңдатат.

Дастандын камтыган багыттарынын көлөмү ушунчалык кеңири жана көп кырдуу. Дастандын өзү өтө терендетилген таризде изилденүүсүн талап кылып турат. Мындагы берилген педагогикалык ойлорго ким ээ чыгуусу мүмкүн? Эч ким. Жусуп Баласагындын жеке өзүнүн жан дүйнөсүнөн чыккан, тарбиялык ойлордун асыл заттуу берметтери. Дастандагы жыйынтыктар Жусуп Баласагындын көп жылдар бою жыйнаган, жашоо-тиричиликтен алган турмуштук бай тажрыйбаларынан алынып жазылгандыгы байкалып турат. Ал жөнүндө дастанда мындай дейт: "Өзүм жигиттикти сагынамын, аны өткөрүп жибергениме өкүнөмүн", "Мага элүү жаш колун тийгизди". Элүү жашка чейинки алган илим, билим, тажрыйбасынын негизинде даярдалган материалдарын колуна алып, Кашкар ханы Табгач ханга жол алат. Кашкарга жетип 18 айда дастанын тартипке келтирип, аны Кашкардын ханына соога кылат. Кашкар ханы Табгач уулу Бугро Карахан або Али Хасан бинни Арсланхан болсо, Жусуп Баласагындын мамлекет башкаруудагы көп жылдык тажрыйбасын жана кайталангыс талантын эсепке алуу менен "Улуу ордо башы" кызматына дайындап, "Хас Хажыб" деген наам ыйгарат. Ал хандын жакын кеңешчиси болуп калат. Анын көзөмөлүнө: үрп-адаттарды, каада-салттарды жана мыйзамдардын аткарылышын, мамлекеттик казынаны көзөмөлдөө, өнөр ээлери менен байланыш түзүү, элчилерди тосуп алуу жана узатуу, расмий кабыл алууларды так аткартуу, кембагалдардын, жетимдердин, жесир аялдардын арыздарын угуу, мамлекеттеги жалпы абал боюнча ханга билдирип туруу тапшырылган. Өз милдеттерин билгичтик менен аткарып, Хас Хажыбдын иштеринин 10 сапаты боюнча озүнүн оюн билдирет. Алар: өткүр көз, сергек кулак, кең жүрөк, жагымдуу жүз, жарашыктуу кийим, узун бой, жагымдуу сөз, калыстык, акыл-эс, билим. Жогорудагыдай сапаттарга жана өзгөчүлүктөргө ээ болгон инсан чон милдеттерди аткара алат деп айткан.

Биздин оюбузча Жусуп Баласагындын дастанынын негизги каарманы өзү жана Табгач каган. Табгач каганды ал Күнтууду десе, ал эми өзүн Айтолду деген. Себеби Жусуп Баласагын дастанында түрк баласынын күнтуулчу жакта же болбосо Кашкардын ханы болуп калгандыгына башы көккө жеткендей сүйүнүп, сыймыктанган. Ошондуктан да дастанын ага арнап, өмүрүнүн аягына чейин ага тапшырылган мамлекеттик кызматын абийирдүүлүк менен аткарган.

"Куттуу билим" дастаны ыр түрүндө жазылган чыгарма. Бул адабияттын татаал жанры болгондугуна карабастан дастанчы тарабынан өтө түшүнүктүү, так, анык, ийкемдүү жазылган. Жусуп Баласагындын өз оюн поэтикалык сөз менен эркин баяндап берүүсү ыр жазуудагы жөндөмүнүн жогору экендигинин далили. Анын өзүнүн ой-пикирлерин макал-лакаптар, учкул сөздөр, эл чыгармачылыктарынын булактарынан орду-орду менен пайдаланышы дастанды дагы да көркөмдөп, сулуулаган.

Автордун оюу боюнча ар бир инсан ыймандуу болуусу зарыл, уятты билсин, ушакчыларга жакындабасын, суктук (ачкөздүк) жасабасын, себеби бул кылык-жоруктар адам баласын чектеп коет. "Сени ким урматтаса, сен да аны урматта", Үч нерседен четте бол, андан сактан; биринчиси, жетекчилердин сөздөрүн эч бир жанга айтпа, экинчиси, алардын сага айткандарын дайыма сыр сакта, үчүнчүсү, алардын сөздөрүн душмандарына билгизбе! Сенин сөзүңдү бирөө угуп жатса гана сүйлө, сөзүңдү бөлүшсө, ошол жерде токтот. Элдин ичинде отурганда сөөктү кажылап-мүлжүбө. Курсагың ток болсо да

сунушталган сунушка ылайык тамактан ооз тийгенден баш тартпа. Үч нерсе менен кошуна болбо; биринчиси, тез аккан чоң дарыяга, экинчиси, жалындап күйүп турган чоң отко, үчүнчүсү, бектерге (чоңдорго), маанисин учуру келгенде билип аласын деп айткан. Мындан тышкары кантип бийликтин жогорку эшалонунда кызмат жасоо керек экендигин жана анын жол-жоболору боюнча да пикирлерин билдирген.

Өзүнүн салыштырууларында мындай дейт: "Байлыкка берилүү наадандык. Байлык шар аккан сууга окшош. Суусаган киши андан канчалык ичпесин анын чаңкоосу басылбайт. Канчалык көп ичсе, ошончолук дагы да ичкиси келе берет", же "Байлык көлөкөңө да окшоп кетет. Куусаң алга карай качат, качсаң артыңдан калбай кууп бара берет". Байлыкты кууп жүрүп бактысыздыкка кабылып калба деп эскертет. Ошондой эле адам пендесине үч нерсе пайда алып келбейт дейт, биринчиси, өжөрлүк жана пейли бузуктук, экинчиси, калпты чындай айткандык, үчүнчүсү, бакылдык жана пастык (сыймыксыздык). Ушундай адаттардан арылуу инсанды жакшылыкка көкөлөтөрүн белгилейт.

Байлык менен бийлик сокур адамдарга окщойт. Ким байлыкты жана бийликти ээлесе ошону ээрчип кете берет, " бул жакшы, мына мунусу болсо жаман деп, адамды тандап, бөлүп отурбайт" дейт. Агын суу, учкул тил, кут-береке бир жерде токтоп турбайт. Ошондуктан аны кырдаалы келгенде кармап калуу керек экендигин эске салат. Мамлекетти башкаруу жана бактылуу болуу үчүн таза дилдүү, жөнөкөй, жаман адамдарга жакындабаган, өзүнөн улууларды урматтап, кичүүлөрдү ызаттаган, өч алууга аракеттенбеген, ысырапкерчиликке жол койбогон, кытмырлык жасабаган, калпычыларды жанына жолотпогон инсан болуу керек экендигин эскертет.

Байкаганыбыздай дастандын өзөгүн билим алуу түзөт. Илимден, билимден кут алуу үчүн бул жашоодогу өзүндүн ишмердүүлүгүңдө алдыңа койгон айкын максатың болуусу зарыл. Ошондо гана инсан элине, жерине, мамлекетинин пайдубалы бекем болуусуна, анын өсүп-өнүгүүсүнө өзүнүн баа жеткисиз салымын кошо алат, опол тоодой милдеттерди аткарганга жарамдуу болот.

Илим, билимди балага жашынан негиздүү түрдө берүүнү уюштуруу, аларды пайдасыз иштерден оолактатуу, максаттуу аракеттерге жана багыттарга буруу болуп эсептелет. Автордун оюу боюнча кандай багыттарга буруу зарыл;

- Ыймандуулук касиеттерин калыптандыруу;
- Илим-билимдүүлүгүн арттыруу;
- Мамиле жасоону үйрөтүү;
- Маданияттуулукту, кесип тандоону үйрөтүү;
- Карыялыктын ишин жашында жасаганга багыттоо;
- Уяттуу болууга үйрөтүү;
-Артыңдан эрчигендердин жоопкерчиликтерин сезгенге үйрөтүү;
- Жеген тамагын адалдап жегенге үйрөтүү;
- Ыймансыздыкка жолобогонго үйрөтүү;
- Эл башкаруунун өзөгү менен тааныштыруу.

Жогоруда белгиленген касиеттердин бүгүнкү жаш муундун аң-сезиминде, жүрүм-турумунда, иш-аракеттеринде чагылса, анда коомубуз ар тараптан өнүккөн инсандарга ээ болору бышык.

"Куттуу билим" дастаны мамлекетти башкаруудан баштап, дыйканчылыкка чейинки жашоо сырларын камтышы, Жусуп Баласагындын ойлорунун, турмуштук тажрыйбасынын канчалык терең экендигинен кабар берет. Ал, бир гана баяндоочу эмес иштин көзүн билген, аны аткаруунун жолун түшүнгөн, алардын табиятын талдаган, ага карата өзүнүн ой-пикирин жөндөгөн адис насаатчы экендиги көзгө айкын көрүнөт.

Жусуп Баласагын сөздүн күчүн, түркий тилинин ички мүмкүнчүлүктөрүнүн чексиз экендигине ишенип ага өтө назик мамиле жасоо менен өз дастанында пайдаланган, анын таасирине жогорку интеллигент катары ишенген. Ошондуктан дастан ушул күнгө чейин унутта калбай, кайра жашарып, миллиондогон окурмандарынын сезимдеринен,

жүрөгүнөн түнөк таап, дастанчынын үнү жеткен жерге чейинки мейкиндик арасында даңазаланып келе жатат. Дастандын көптөгөн тилдерге которулушу буга далил болуп бере алат. Жусуп Баласагындын чыгармачылык дараметинин күчү ушунда турат. Ал чыгармасында жашоо-тиричилигибиздин күнгөй-тескейлерин даана, ачык-айкын, бай мазмунда, жашоонун түрдүү сфераларын камтуу менен поэтикалык сөздүн мүмкүнчүлүгүнө ылайык көрсөтө алган. Анын, болочок муундарга насаат, көрсөтмө, тажрыйба, ишеним, чындык түрүндө калтырган осуяты, анын бизге калтырган насыясы. Ал насыяны азыркы заман инсаны ыймандуу жашоо менен гана төлөй алат.

Эгерде чындап эле куттуу билимге суугарылып, руханий дүйнөсүн байытуу бактысына ээ болгон инсан бүгүнкү глобалдашуу доорунда өзүнүн адептүүлүгүн жана ыймандуулугун баалуулуктарын байытып, коомго аралашып, өзүнө тапшырылган коомдогу милдетин толук кандуу аткарууга жөндөмдүү болуп, жаңы доордун талабына жараша жашоого умтулган атуул калыптанат. Албетте ал үчүн "Куттуу билимден" келип чыккан тарбиялык принциптер боюнча мамлекеттик долбоор иштелип чыгылып, анын багыты, каржылануу булактары аныкталып, бир гана иш-чаралар менен чектелип, документтери архивге түшүп калбай, ал көп жылдык стратегиялык багыт болуп, тарбиялык иштин негизине айланып, калган бардык иштер (илимий, чыгармачылык, педагогикалык, көркөм адабият, элдик тарбия ж.б.у.с.) аны толуктап, тактикасын аныктоону зарыл деп эсептейбиз.

**Адабияттар**

1. Жусуп Баласагын "Куттуу билим", 1993, Бишкек, "Илим"- 496 б.
2. Баласагунский Юсуф. Благадатные знание – М. : Наука, 1983. – 558 с.
3. О поэме и ее авторе читайте: Ж. Баласагын, М. Кашкари. – Б., - 2003. -288 с.
4. Абдибаитова А, Тайиров М. Жусуп Баласагындын "Кут алчу билим", дастанындагы астрономиялык билимдердин чагылышы, Науки и новые технологии, 2013, № 5, 97-100 б.
5. Исаков К. "Куттуу билим" трактатындагы эпикалык парадигмалардын философиялык негиздери. Ош, 2005, - 156 б.